# ПСИХОЛОГИЯ

УДК 159.9
DOI 10.33514/1694-7851-2019-4-33-38

**Жолдошбаев Д.А., Алиева З. И.**
ОшМУнун Жалпы психология кафедрасынын доценти,
ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти
**Жолдошбаев Д.А., Алиева З. И.**
доцент кафедры общей психологии ОшГУ,
студентка факультета математики и информационных технологий ОшГУ
**Joldoshbaev D. A., Alieva Z. I.**
p.i.k.,dosent ,OshSU
OshSU, Faculty Mathematics and informatics technologies student

## БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ПСИХОЛОГДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН РОЛУ

## РОЛЬ ПСИХОЛОГОВ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

## THE ROLE OF PSYCHOLOGISTS IN EDUCATIONAL INSTITUTIONS

**Аннотация**: Бул макалада билим берүү мекемелеринде психологдун ролу, максаты, ишмердүүлүгү жөнүндө айтылат.

**Ачкыч сөздөр**: багыт, психология, мектеп психологу, личность, көйгөй.

**Аннотация**: В данной статье рассказывается о целях расширения психологов в Кыргызстане

**Ключевые слова:** направление, психология, личность,

**Annotation**: This article describes the aims of expanding psychologists in Kyrgyzstan

**Key words:** direction, psychology, personality.

Ал бир мамлекет өзүнүн келечектиги багытын түзүүдө ар бир баланын жекече өнүгүүсүнө, анын коомдогу турмушун аныктоодо, аны психологиялык даярдыгынын калыптануусуна максатталган. Мына ушул багытта мектеп психологу балага, аны окуткан педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгүнө, баланы ата-энесине психологиялык негиздеги идеяларды сунуш кылат.

Баланын дүйнөнү таанып-билүүсүнүн калыптануусу негизинен мектеп жылдарында жүрөрү көпчүлүгүбүзгө белгилүү. Мына ошондуктан азыркы учурда мектептин алдында турган негизги көйгөйлөрдүн бири. Ошондуктан окуучунун личностунун өнүгүүсү көңүлдүн чордонунда болуп, алардын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү менен мамиле түзүү, сыйлоо аркылуу ар бир конкреттүү окуучунун чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, камсыздоо болуп эсептелет.

Азыркы мектеп сырткы чөйрөнүн таасири астында маалымат талаасынын кеңейиши мектептин ички шартын күндөн-күнгө татаалдашыруу менен тарыхый, маданий, экономикалык, саясий жана коомдук себептердин толук комплекстин талап кылган мезгилде турат. Ошондой эле, класстын-күндөлүк системасы, тарбиялоо менен окутуунун

программасынын универсалдаштырулуусу, жөндөмдүүлүк менен багыт берүүдө окуу куралдарын «орточо» деңгээлге теңдештирилүүсү, окуучулардын мектепте болуу убактысынын 11 жылга жылдырылышы, мектепте окуучулардын бири бирине карата үстөмдүүлүк кылышы, түрдүү группаларга кошулушу, жүрүм-турумдун бузулушу (суицид, үйдөн качып кетүүчүлүк, өзүнүн денесин сатуучулук, наркомания, кылмыштуулук ж.б.) өзүнүн өндүрүмдүүлүк мүмкүнчүлүгү боюнча практикалык жактан татаалдашкан учур десек жаңылышпайбыз.

Мындан сырткары, бул системанын «кошумча» эффектери болгон – окутуу системасындагы индивидуалдаштыруунун тескерилиги, универсалдаштыруу менен ашыкча коллективдештирүү, мугалим менен окуучунун формалдуу эмес мамилесинин минималдашуусу, тарбиялоо менен билим берүүнүн милдеттеринин жогорулашы, психофизиологиялык оор талаптардын жүктөлүшү, мамиленин авторитеттештирилиши, класстык-күндөлүк системасындагы бул тапшырмалардын бардыгы тескери нерсе болорун ишенимдүү түрдө айтышууда. Жыйынтыгында чоң адамдар менен окуучулардын мамилесинде терең канааттанбочулук жаралууда. Биздин пикирибизде, коомдун руханий абалынын бузулушу улуу муундар менен кенже муундардын ортосундагы байланыштын ажырымын жаратып, ата-бабалардан келе жаткан каада-салтта, үрп-адатта тарбиялоодо негизинен ыңгайсыздыкты түзүп жаткансыйт.

Чындыгында эле личносттун ар тараптан гармоникалык өнүгүүсүнүн, толук калыптануусунун милдеттерин азыркы мектеп эптей албай калган учур десек жаңылышпайбыз. Ошондуктан жогоруда көрсөтүлгөн кыйынчылыктардын себептеринде: а) түшүнүү (баамдоо), б) илимий жактан анализдөө, в) аларды жоюнун жолун аныктоо азыркы учурда курч зарылдыктагы маселеси болуп чыга келди (1).

Мына ошондуктан мектептеги психологиялык кызматты биз интегралдуу билим берүү катарында түшүнүү менен аны үч өңүттө карашыбыз керек:

1. **Илимий өңүт** багыттардын алгачкысы катары, педагогикалык жана өнүгүү же курак психологиясы, тактап айтканда анын теориялык-прикладдык багыты, окуучунун личностунун калыптанышын, психика-сынын өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү максатында ыкмалар-ды, каражаттарды, методдорду иштеп чыгуу, психологиялык билимди азыркы мектептердин шартында профессионалдуу колдонуу;

2. **Прикладдык өңүттө** окутуунун жана тарбиялоонун бардык процесстерин психологиялык жактан камсыздоо: окуу программасын түзүү, окуу китептерин жаратуу (дидактикалык, методикалык материал-дарды психологиялык негизде иштеп чыгууну кошо эсептегенде);

3. **Практикалык өңүттө** мектепте жана мектептен сырткаркы чоң адамдар (ата-энерлер, мугалимдер ж.б.) менен, балдар менен психолог түздөн-түз иштөө.

Бул үч өңүттүн биримдиги мектептеги психологиялык кызматты үйрөнүүнүн аймагын түзөт. Алардын ар бири өзүнүн милдетине ээ. Аларды чечүү үчүн атайын профессионалдык даярдыкты талап кылат (3).

Бул жерде психологиялык кызматтын прикладдык жана практикалык өңүттөрүнүн өнүгүүсү толугу менен бүтүндөй илимий өңүттүн өнүгүүсүнө көз каранды экендигин белгилей кетишибиз керек. Бул илимий өңүт теориялык концепцияда калыптанып, мектептеги психологиялык кызматтын моделин, функциясын, мазмунун аныктайт.

Негизинен мындай концепция фундаменталдык абалда мурунку советтик психологияда иштелип чыккан. Ошону менен бирге, личность - бул коомдук формадагы аң

сезимди жана жүрүм-турумду өздөш-түрүүнүн негизинде адам турмушунун процессинде калыптануучу, бүтүн бир психологиялык структура (Б.Г.Ананьев, Л.И.Божович, Л.С.Выготский, П.Я.Гальперин, С.А.Рубинштейн, В.В.Давыдов, А.В.Запорожец, А.Н.Леонтьев. Д.Б.Эльконин ж.б). Баланын личносту-нун калыптануусу, психикасынын өнүгүү мүмкүнчүлүгү бир гана чоң адамдар менен мамилелешүүдө гана болбостон, ошону менен бирге баарынан мурда мына ушул ишмердүүлүктө жүрүп, ушул этаптын онтогенези ага жетекчи болуп саналат. Бул концепция, белгилүү бир шартта дени сак балдардын ар тараптан өнүгүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусун болжолдойт. Мугалим өзүнүн окуучусунун окуудагы ишинин оңунан чыкпастыгын (натыйжасыздыгын) анын акыл өнүгүүсүнүн начардыгына байланыштуу экендиги катарында түшүндүрүүгө акысы жок. Мындай өзгөчөлүктөр окутууну уюштуруу өзгөчөлүгүнө көз каранды болуп, анын белгилүү бир деңгээлин аныктайт. Кыргыз элиндеги улуу сөздөрдү эске сала кетсек «Алма сабагынан алыс түшпөйт», «Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат» ж.б.у.с.

Баланын жөндөмдүүлүгүн ишмердүүлүктүн, билимдин түрдүү аймагында өнүктүргөндө гана мектепте билим берүү өз маанисине ээ болот (1; 2; 3).

Элге билим берүү системасындагы болуп жаткандарды түшүнүү менен анализдеп көрсөк, азыркы учурдагы мектептер бир топ кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүүдө, далил катары алсак, мисалы, акыркы эле жылдары Аксы районундагы кыз балдардын мушташысы, суицидке барышы, ошондой эле жана башка аракеттерди болуп жаткандыгы. Анын бир себеби үй-бүлөдө, окутуу менен тарбиялоодо, баланын өнүгүүсү менен анын личностунун калыптануусунда кайсы бир кемчиликтердин болуп жаткандыгын. Элге билим берүү органдарынын жетекчилери окутуу-тарбиялоонун милдеттерин иштеп чыгууда окуучулардын личносттук өнүгүүсүнүн зарылдыгын декларациялашат. Бирок, эмнегедир азыркы мезгилде мектептин ишмердүүлүгүн баалоодо окуучунун психологиялык мүнөзүн эске алышпагандай көрүнөт. Чындыгында каада-салт боюнча окутуу-тарбиялоо процессинин эффективдүүлүгүн окуучунун акыл шыгы, билими аныктайт. Бул нерсе өтө маанилүү, бирок жемишсиз, анткени окуучунун ишениминде, жөндөмдүүлүгүндө, ой жүгүртүүсүнүн кийинки өнүгүүсүндө, личносттук дүйнөсүнүн калыптанышда тигил же бул окуу материалын өздөштүрүүсү баланын личностунун, психикасы-нын өнүгүүсүнүн толук сүрөтүн аныктабайт.

Мугалимдер түрдүү курактагы окуучулардын окуу-тарбиялык иштердеги кыйынчылыктардын ар түрдүү негиздеги себептерин дайыма эле аныктай албайт. Конфликттик маселелерди, кубулуштарды чечүүдө жардам көрсөтүүнү, окуучулардын интеллектуалдык, личносттук өнүгүүсүндөгү мандемдүүлүктөрдү жоюп, алдын-ала эскертүүнү көпчүлүгү аныктай беришпейт. Мугалимдер балдар жөнүндөгү өздөрүнүн турмуштук түшүнүгүн пайдалангандыктан, окуучулардын кылык-жоруктарынын, аракеттеринин келип чыгуу себептерин азыркы көз караште аңдашпайт. Окуучулар жөнүндө жетишээрлик маалыматка ээ болбостон туруп, көпчүлүк учурда алардын личностун баалап жиберишет. Мугалимдер окуучунун личностунун бөтөнчөлүгүн, кызык-чылыгын, жекечелигин сезишпейт. Мына ошондуктан мындай нерселер, компьютердик окуу аянты боюнча болбостон, психологиялык-педагогикалык көйгөйлөрдүн (жетишпөөчүлүгү, кыжырдануусу, ашыкча ооруусу, мектепке барууну каалабашы, сабакка карата кош көңүл мамиле жасоосу, мектептеги мугалимдери, курдаштары менен болгон келишпестиктер ж.б.у.с.) өзөгүндө жыйынтыкталышы керек. Мектепте ар бир окуучунун психикасынын өнүгүү деңгээли жөнүндөгү, психологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү ар тараптуу

маалыматтардын аныктыгын алууда психологиялык каражаттар (анкеталар, тесттер, ж.б.), адистер менен камсыздалып, ар бир класска психологиялык карта түзүлүшү зарыл деп эсептейбиз. Бул картада окуучунун жекече психологиялык өзгөчөлүктөрү, социометриялык статусу, класс коллективи менен мамилесинин деңгээли жана башкалар чагылдырылышы керек.

Советтик окумуштуулар, мектепте окуп жаткан түрдүү курактагы баланын личностунун өнүгүүсүн, анын психикалык закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүүгө мүмкүндүк берүүчү фундаменталдык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Бирок азыркы этапта коом өзүнүн улуттук психологиялык өзгөчөлүктөрүн, каада-салтын, үрүп-адаттарын ж.б. эске алуу менен анын өнүгүүсүндө өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоонунун милдеттерин педагогдор менен бирдикте жергиликтүү турмуш, практика менен байланыштырып психология илимине таянуу менен чечүүнү талап кылып жаткан учур. Мындай ой жоруу окуучунун чыгармачылыгынын өнүгүүсү үчүн ыңгайлуулукту түзөт, ага карата жекече мамилени камсыздоону, профессионалдык шыктуулукту, жөндөмдүүлүктү арттырат, анын кызыкчылыктарын, психикасынын өнүгүүсүн үйрөнүү системасын белгилүү бир деңгээлде жакшыртат.

Мектеп практикасында психологиялык билимди жайылтуунун жыйынтыгы менен аны анализдөө процесси көрсөткөндөй, мугалим практикалык иштеринде түздөн-түз салтка айланган психологиялык кеңештери көпчүлүк учурда эффективдүү болбой жаткандыгын көрсөтүүдө. Ошондой эле муну пайдаланууда мугалимден жетишээрлик жогорку деңгээлдеги психологиялык жактан профессионалдык даярдыкты талап кылат. Мына ошондуктан дүйнөдө кесиптин жаңы түрү болгон – мектеп психологунун зарылдыгы пайда болду. Элге билим берүү системасында мектеп психологунун бирден бир негизги милдети болуп, мектеп практикасында күндөлүк керектелүүчү курак, педагоги-калык жана социалдык психологиянын жаңы жетишкендиктерин ишке ашыруу болуп саналат.

Атап айтканда, мектепте практик психологдун компетенциясы окуучунун психикасынын өнүгүүсүндөгү өзгөрүүнү өз учурунда белгилөө, алардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн билүүнүн негизинде мектептин педагогикалык коллективиндеги окутуу-тарбиялоо иштеринин максималдуу эффективдүүлүгүн көтөрүү үчүн каражаттарды, методдорду издөө, аны пайдаланууда жардам берүү болуп саналат. Ошондуктан психологиялык кызмат – окутуу-тарбиялоо процесстерин жакшыртуусу өзгөчө маанилүү.

Азыркы учурда ишенимдүү түрдө мектептеги психологиялык кызмат дүйнөлүк масштапта кеңири кеңейгендигин айтууга болот, өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдө. Ал эми биздин өлкөдө тилекке каршы мындай эмес. Бирок мектеп психологунун бардыгы эле өзүнүн иш куралдары катары конкреттүү методикалык материалдардан баштап мектептеги психологиялык кызматтын ишмердүүлүгүнүн каражаттарын, ыкмаларын, милдеттерин, принциптерин илимий жактан жалпылоого чейин өтө муктаж болууда. Тилекке каршы, биздин өлкөдө мектеп психологунун ишин жетектөө үчүн Д.А.Жолдошбаевдин (Мектепте психологдун ишмердүүлүгү: Окуу куралы. – Ош, 2011.) –китебинен сырткары бир дагы кыргызча окуу куралы же колдонмо чыккан эмес. Азыркы күндө мындай китептерге болгон муктаждыктар күчөөдө, ал эми келечекте аябай жогорулашы чындык.

Мектептеги психологиялык кызматтын илимий өңүттө белгиленүүчү негизги максат – окуучунун ишмердүүлүгү, анын личносттук жана жекече өнүгүүсү, психикасына максималдуу таасир этүүсү, мектепти бүткөн мезгилден баштап, чоң адамдардын

чөйрөсүндө өзүнүн тагдырын өз алдынча чечүүгө карата психологиялык даярдыгын камсыздоо катарында Д.А.Жолдошбаев өз окуу китебинде негиздеп кеткен (1).

Мектеп психологунун иши бүгүнкү күндө гана пайда болбостон, көпчүлүк өлкөлөрдө мурунтан эле пайда болуп, ийгиликтүү өнүгүүдө. Айрыкча бул иш АКШда, Европадагы өлкөлөрдө өзгөчө турмушка ашуу менен азыркы психологиялык тартипте өз таасирин тийгизүүдө.

Ошондой эле, кошуна өлкөлөр болгон Казакстанда, Өзүбекстанда, Тажикстанда мектептерге мектеп психологу деген кызмат орду киргизилип, ийгиликтүү иш алып бара жатат десек жаңылышпайбыз.

Психологиялык кызматтын негизги мазмуну – личносттун өнүгүүсүндөгү коррекциянын түрдүү тектериндеги кыйынчылыктардын негизинде таза личносттун өнүгүүсүн камсыздоо үчүн жардамдашууда профессионалдык багыттагы программаларды түзүү болуп эсептелет. Ал эми, азыркы учурда Россияда, ошондой эле кошуна өлкөлөрдө мектепте психологиялык кызматтын иш аракети жана уюштуруу иштери бир топ так аныкталып, мектептин контигенттин көлөмүнө жараша бардык мектептерде бул кызмат киргизилип, ийгиликтүү иштөөдө.

Кыргызстанда психология боюнча түшүнүк өтө тар көз караште. Кээ бирөөлөр айтышат психологиянын эмне кереги бар. Психология бул илим, ал жөндөн-жөн эле пайда болуп калган жок, бул нерсенин артында кандай кана мээнет, күч, иш-аракет жатканын бирок, ал адистик аябагандай кең түшүнүк экенине ынанышыбыз керек экенин далилдегим келет. Биз эмнеге жашап жүрөбүз, эмнеге күлөбүз, биздин ойлообуз, биздин басып жүрүүбүз, биздин сүйлөөбүз, биздин кыйналганыбыз, биздин уктообуз, биздин кабыл алуубуз, биздин көрүүбүз деги эле жана башка нерселерибиздин бардыгы биздин жашообуз дагы бул психология. Аны изилдеп бүтүш бул өтө кылдаттык мамиле менен каралат жана анын орду чоң экенин билишибиз зарыл деп эсептейм.

Кыргызстандагы мектептердин саны 2218 мамлекеттик болсо, 2146 сы мамлекеттик, ал эми 72си – жеке менчик мектептер (4). Акыркы маалыматтарга таянсак, жеке менчик мектептердин айрымдарында психолог мугалим бар, мамлекеттик мектептерде жок экени белгилүү. Жалпысынан Кыргызстанда 2018-2019-жылдын статистикасына ылайык 64 жалпы Билим берүү жогорку окуу жайлар бар. Алардын ичинен айрымдарында психология адистиги боюнча психология бөлүмдөрү ачылганы менен ага тапшырган окуучурар өтө аз. Ушул көйгөйдү чечүү үчүн биринчиден, Кыргызстандагы мектептерге мектеп психолог деген кызмат ордун киргизүү зарыл. Экинчиден, КРнын билим берүү жана илим министрилиги тарабынан мектептерде психологиялык кызматтын жобосун иштеп чыгуу. Үчүнчүдөн, окуучуларга, педагогдорго, ата-энелерге баланын психологиялык табиятын билүү максатында окуу-методикалык китептерди, колдонмолорду басып чыгаруу. Бул нерсе мептептер, окуучулар коллективинде, үй-бүлөдө болуп жаткан кайсы бир көйгөйлөрдү бир топ ийгиликтүү чечет эле деп ойлойбуз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Жунусов И.К., Жолдошбаев Д.А. Мектепте психологдун ишмердүүлүгү: Окуу куралы. – Ош, 2011. – 220 б.

2. Жолдошбаев Д.А. Работа психолога при подготовки и проведение педагогического консилиум. Эл аралык илимий усулдук конференция. - Ош 1993.

3 Белопольская Н.Л. Экспериментальное изучение учебных и игровых мотивов деятельности в целях диагностики задержки психичес-кого развития у детей 7 – 8 лет // Вопросы диагностики психического развития. – Таллин, 1974.
4. Кыргызстандагы мектептертин саны https://www.turmush.kg > news: 279.
5. Список вузов Кыргызский Республики https://erasmusplus.kg > list-of-kyrg…

**Рецензент: филос. и.к., доценттин м.а. Высоцкая М.М.**

УДК 314.02
DOI 10.33514/1694-7851-2019-4-38-43

**Жолдошбаев Д.А., Алиева З. И.**
ОшМУнун Жалпы психология кафедрасынын доценти,
ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти
**Жолдошбаев Д.А., Алиева З. И.**
доцент кафедры общей психологии ОшГУ,
студентка факультета математики и информационных технологий ОшГУ
**Joldoshbaev D. A., Alieva Z. I.**
p.i.k.,dosent ,OshSU
OshSU, Faculty Mathematics and informatics technologies student

## ӨСПҮРҮМДӨРДҮН СУИЦИДДИК АРАКЕТИ ЖАНА АНЫ АЛДЫН АЛУУ

## СУИЦИДАЛЬНЫЕ ПОПЫТКИ У ПОДРОСТКОВ И ИХ ПРОФИЛАКТИКА

## SUICIDAL ATTEMPTS IN ADOLESCENTS AND THEIR PREVENTION

**Аннотация:** Бул макалада өспүрүмдөрдүн суициддик аракетке баруусу жана аны алдын алуунун жолдору жөнүндө айтылат.

**Негизги сөздөр:** өспүрүм, суициддик аракет, үй-бүлө, суицидалдык, психика, стресс

**Аннотация:** В данной статье рассказывается о подростковом суицидальном поведении и путях профилактики.

**Ключевые слова:** подросток**,** суицидальное действие, семья, суицидальный, стресс

**Annotation:** This article describes adolescent suicidal behavior and ways of prevention

**Keywords:** teenager, suicidal action, family, suicidal, stress

Акыркы жыйырма беш жылда жаштардын арасындагы суициддик аракеттин саны өсүүдө. Бүткүл дүйнөлүк ден соолукту коргоо уюмунун маалыматтары боюнча 15-19 жаш курактагылардын өзүн-өзү өлтүрүү – бул өлүүнүн себеби боюнча өлгөндөрдүн арасында бир топ таркалган беш топтун арасына кирүүдө. (1). Ал эми бир катар өлкөлөрдө жаштардын өлүү себеби боюнча бул нерсе биринчи орунду ээлөөдө. 14-24 жаш курактагы адамдардын 30%инде суициддик ой пайда болсо, анын ичинен 6,0% эркек балдарда жана 10% кыз балдарда суициддик аракетте бүтөт. Кээ бир адистердин жазышы боюнча өспүрүмдөрдүн суициддик жүрүм-турумунун 10%и өзүн-өзү өлтүрүүнүн максатына ээ болсо, суициддик жүрүм-турумдун 90,0%и – бул жөн гана башкалардын көңүлүн өзүнө буруу катары